**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

К. 08.17.564 Мамлекеттер
аралык диссертациялык кеңеши

**Кол жазма укугунда**
**УДК: 338.1:338 (575.2):338 (471):382**

**АСИЛБЕК КЫЗЫ ЖЫПАРА**

# КЫРГЫЗСТАНДЫН РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫ МЕНЕН ЕВРАЗИЯЛЫК ЭКОНОМИКАЛЫК БАЙЛАНЫШТЫН АЛКАГЫНДА ТЫШКЫ ЭКОНОМИКАЛЫК БАЙЛАНЫШЫН ӨНҮКТҮРҮҮ

08.00.05 – экономика жана эл чарбасын башкаруу

Экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы**

**Ош -2018**

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин Ишканалардын экономикасы жана бизнести башкаруу кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** экономика илимдеринин доктору, профессор
**Атышов Кобогон Атышович**

**Расмий оппоненттер:** экономика илимдеринин доктору, профессор
**Тургунбаев Жусуп Тургунбаевич**

экономика илимдеринин кандидаты, доцент
**Карбекова Азиза Баймаматовна**

**Жетектөөчү мекеме:** М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин «Экономика жана бизнес» кафедрасы, Ош. Шаары, Н. Исанов көчөсү, 81

Диссертациялык иш 2018-жылдын 30-март күнү сааат 14-00 дө К.Ш. Токтомаматов атындагы Илимий изилдөөлөр, иштелмелер жана инновациялар борборунда Жалал-Абад шаарындагы Эл аралык университетинин, Ош мамлекеттик университетинин жана Тажик Республикасынын улуттук университетинин алдындагы экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча К.08.17.564 Мамлекеттер аралык диссератциялык кеңешинде корголот. Дареги: 715613, Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад шаары, Жеңи-Жок көчөсү, 30.

Диссертациялык иш менен Жалал-Абад шаарындагы Эл аралык университетинин илимий китепканансынан таанышууга болот. Дареги: Жалал-Абад шаары, Жеңи-Жок көчөсү, 30.

Автореферат 2018-жылдын 28 февралында таркатылды

**К.08.17.564 Мамлекеттер аралык**
**диссертациялык кеңешинин**
**окумуштуу катчысы, э.и.к., доц.** **Маткеримова А.М.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.**Бүгүнкү күндө эл аралык экономикалык мамилелер жаңы сапаттык жана сандык мүнөзгө ээ. Дүйнөлүк чарбалык байланышардын формалары, тагыраак айтканда, эл аралык соода, капиталдын кыймылы, калк, эмгек ресурстарынын миграциясы, мамлекеттер аралык мамилелердин чыңалышы жана мамлекеттин экономикалык өнүгүүсү түздөн-түз интеграциялык процесстерден көз каранды. Андыктан өлкөлөр эң оболу тышкы экономикалык байланышын кеңейтүү үчүн эл аралык экономикалык интеграциялык уюмдарга мүчө болууга жана тышкы экономикалык байланыштарды жакшыртууга умтулушат.

Практика көрсөткөндөй дүйнөдөгү көпчүлүк интеграциялык уюмдардын түзүлүшү бир нече өлкөлөрдүн коңшу болуусу жана алардын жакын жайгашуусу же бирдей тилде сүйлөөсүнө байланыштуу экендиги белгилүү. Ошондон улам постсоветтик өлкөлөрдүн ортосунда экономикалык интеграциялык уюмун түзүү зарылчылыгы келип чыгып, алгач КМШ алкагында, кийинчерээк, Евро-Азиялык экономикалык кызматаштык (ЕврАзЭС), андан соң Жамааттык коопсуздук жөнүндө келишим (ЖКжК), ал эми бүгүнкү күндө Евразиялык экономикалык биримдик (ЕАЭБ) алкагында кызматташып келишет.

Өнүгүү нугу базар мамилелерине өткөн Кыргызстан үчүн тышкы экономикалык байланыштардын калыптануусу жана өнүгүүсүн, андагы эркин экономикалык аймактарды, чет элдик жана биргелешкен ишканаларды, акционердик коомдорду ж.б. түзүү процессин Евразиялык экономикалык биримдиктин алкагында изилдөө жана ишке ашыруу азыркы учурдун өтө маанилүү талабы болуп саналат. Евразиялык экономикалык биримдиктин алкагында Кыргызстандын Россия Федерациясы менен тышкы экономикалык байланышын кеңейтүү, алардын экономикалык өнүгүү тенденциясын ар тараптуу иликтөө, эки өлкөнүн учурдагы жана келечектеги багыттарын аныктоо, аны жакшыртуу боюнча илимий жактан негизделген сунуш даярдоо зарылчылыгы бар экендиги аныкталды. Андыктан мындай актуалдуу маселеге илимиий талдоо жүргүзүү, тиешелүү жыйынтык чыгаруу диссертациялык иштин актуалдуулугу жана учур талабынын башкы маселеси экендигин талашсыз.

Ушул эле учурда Кыргызстандын постсоветтик мезгилдеги ар кандай эл аралык экономикалык бирикмелерге мүчө болуусун теориялык жана методикалык жактан изилдөөлөр жетишсиз боюнча калууда. Практикалык жактан бирикмелердин тажрыйбаларын талдоо жана тийиштүү жыйынтык чыгаруу маселелери да аксап келе жатат. Ошондой болсо дагы укуктук, техникалык регламент, ЕАЭБдин стандарттары ж.б. жумушчу документтер иштелип чыгууда. Өзгөчө мындай документтер бажылык союздун (Беларусия, Россия жана Казакстан) мейкиндигинде иш жүзүндө иштелип чыккандыгына күбөбүз. Бирок Кыргызстан ЕАЭБке мүчө өлкөлөрдүн ичинен соңку болуп киргендигине байланыштуу, практикалык жактан иштелип чыккан документтер да жетишсиз болуп жатат. Ал эми ЕАЭБке мүчө

өлкөлөрдүн анын ичинен, өзгөчө Кыргызстанда жаңы түзүлгөн биримдиктин экономикалык ишмердүүлүгү тууралуу илимий эмгектер аз учурайт. Аталган себептер диссертациялык эмгектин темасын тандоого жана изилдөөгө негиз болду.

**Диссертациянын илимий программалар менен байланышы.**Дисертациялык иш Кыргыз Республикасынын 2013-2017-жылдардагы туурктуу өнүктүрүү стратегиясына, Кыргыз Республикасынын экономикалык өнүгүшүнүн 2035-жылга чейинки аралыктагы инновациялык модерницазиялоонун концепциясынын жана Ош мамлекеттик университетинин Бизнес жана менеджмент факультетинин “Ишканалардын экономикасы жана бизнести башкаруу” кафедрасынын илимий ишининпланынын алкагында даярдалды.

**Изилдөөнүн максаты.**Кыргызстандын Россия Федерациясы менен Евразиялык экономикалык байланыштын алкагында тышкы экономикалык байланыштарын өнүктүрүүнүн теориялык негиздерин аныктоо жана аны жакшыртуунун жолдорун иштеп чыгуу. Коюлган максаттарга жетүү үчүн төмөндөгүдөй **милдеттер** аныкталды:

1. Экономикалык тышкы интеграцияны өнүктүрүүнүн маңызын учурдагы талаптарга ылайык тактоо;
2. Экономикалык байланышка таасирин тийгизүүчү факторлорду изилдөө;
3. Эл аралык экономикалык байланыштардын тажрыйбаларын үйрөнүү, ошондой эле Кыргызстандын шартына ылайык келе турган сунуштарды иштеп чыгуу;
4. Кыргызстандын Россия Федерациясы менен тышкы экономикалык байланыштарынын учурдагы өнүгүү деңгээлин талдоо жана бул багыттагы тийиштүү резервдерди аныктоо;
5. Айыл-чарба продуктуларынын экспорттук потенциалын өнүктүрүүнүн негизги багыттарын сунуштоо;
6. Кыргызстан менен Россиянын өнөр-жай тармагындагы соода-экономикалык кызматташуусун жакшыртуунун жолдорун аныктоо;
7. Эки өлкөнүн экономикалык кызматташтыгындагы кээ бир көрсөткүчтөрдү божомолдоону интеграциялык процесстерди жакшыртуу катарында кароо.

**Диссертациянын илимий жаңылыгы:**

1. Экономикалык интеграциянын калыптануу шартында эл аралыкэкономикалык байланыштардын өнүгүү тенденциясы теориялык жактан тереңделип талданды;
2. Интеграциялык экономикалык байланыштын өнүгүшүнө олуттуу таасиринтийгизүүчү факторлор талданып, алардын келип чыгуу себептери иликтенди;
3. Эл аралык экономикалык байланыштарды жакшыртуу максатында эл арлыкэкономикалык тажрыйбалар изилденди жана аларды Кыргызстандын шартында колдонуу сунушталды;
4. Кыргызстан менен Россиянын учурдагы тышкы экономикалык байланыштарынын деңгээлин талданып, келечектеги интеграциялык

процесстерин жакшыртуунун резевдери аныкталды жана аларга илимий баа берилди;

5. Эки өлкөнүн тышкы экономикалык байланыштарын өркүндөтүү максатында Кыргызстандын айыл-чарба өндүрүшүнүн потенциялын кеңейтүү жолдору иштелип чыкты;

6. Өнөр-жай тармагындагы Россия менен болгон кызматташтык жана соода-экономикалык иштерин жакшыртуунун жолдору аныкталды;

7. Россияга экспортолгон негизги айыл-чарба продукцияларынын көрсөткүчтөрүнүн негизинде эконометрикалык модели түзүлүп,анын негизинде эң маанилүү делген айыл чарба продуктуларынын 2017-жылдан 2026-жылга чейинки экспорттун болжолдуу көлөмү аныкталды.

**Иштин практикалык баалуулугу.** Диссертациялык изилдөөнүн теориялык жана практикалык жыйынтыктары тышкы экономикалык байланыштарды кеңейтүүгө, соода ишин күчөтүүгө, социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө олуттуу салым кошот. Диссертациядагы экономика-математикалык моделдердин негизинде иштелип чыккан практикалык көрсөтмөлөр жана сунуштар айыл-чарба жана кайра иштетилген продуктуларды экспортоонун келечегин божомолдоодо, иштиктүү долбоорлорду даярдоодо жана нормативдик документтерде колдонулуусу мүмкүн. 2026-жылга чейнки алынган божомолдор улуттук айыл-чарба саясатын иштеп чыгууда, интеграциялык эффективдүүлүктү баалоодо, глобалдык узака прогноздолуучу проектерди ишке ашырууда жана Кыргызстандан Россияга экспортту кеңейтүүдө илимий негизде жакынкы жана алыскы убакытка чейинки прогноздорду жүргүзүүдө кенири колдонулат.

**Изилдөөнүн илимий-теориялык жана практикалык мааниси.** Изилдөө азыркы илимдин регионалдык экономикага тийгизген таасири жөнүндөгү теориясын жана методологиясын өнүктүрөт. Изилдөөнүн натыйжасында алынган тыянактар өндүрүштү башкаруунун аймактык экономикалык механизмдеринин негизги жоболорун тактайт жана толуктайт.

**Коргоого алынып чыгуучу жоболор:**

1. Интеграциялык процесс ар кыл өлкөлөрдүн экономикалык байланышынын кеңейишине, алардын формаларынын өзгөрүшүнө олуттуу таасир тийгизе тургандыгы, ошол эле учурда мамлекеттердин ээлеген ордун тактоого мүмкүндүк бере тургандыгы илимий-теориялык нуктан тереңдеп такталды;

2. Улам кеңейип жаткан дүйнөлүк товар базарынын нугундагы башкы багыттарын, даярдалган концепцияларды иликтөө аркылуу тышкы экономикалык саясат, тышкы соода, инвестиция, миграциялык процесси сыяктуу олуттуу факторлорду бирдиктүү аракетке келтирүү тышкы экономикалык байланышты жигердүү өнүктүрүүгө көмөктөшө тургандыгы иликтенди;

3. Экономикалык интеграциялык уюмдардын тажрыйбасы иликтенип, алардын жоготуулары жана жетишкендиктери, интеграциянын өнүгүү этаптарынын мүнөзү, баскычтары жана андагы жыйынтыктар тереңделип иликтенди. Алынган жыйынтыктар Кыргызстандын интеграциялык уюмда экономикалык өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт;

4. Интеграциянын алкагындагы Кыргызстан жана Росиянын тышкы экономикалыкбайланышынын өзөгүн камтыган соода, инвестиция, миграциялык саясаты туура багытта өнүгүп жаткандыгы, азык түлүктү экспорттоо иш чаралар аткарылып жаткандыгы кеңири аныкталып, тиешелүү жыйынтык чыгарылды;
5. Интеграциянын иштиктүү механизмдерин жигердүү колдонуунун негизинде тышкы экономикалык байланышты келечекте ийгиликтүү өнүктүрүп, экспорттун өлчөмүн кыйла көбөйтүү, социалдык көйгөйлөрдү туура чечүү үчүн эки өлкөнүн эриш-аркак өндүрүш процессине илимий-инновациялык жана коммуникациялык технологияларды кеңири колдонууну бир нукка салуу, инвестицияларды тартуу, тейлөө инфраструктурасынын талапка ылайык келгидей сапатка жеткирүүнү өлкөлөрдүн, ошондой эле региондордун деңгээлиндеги башкы багыттары катары аракетке келтирүү керектиги тастыкталды;
6. Эки өлкөнүн тышкы экономикалык байланышынын алкагында Кыргызстана өндүрүлгөн айыл-чарба азык-түлүктөрүн жана кайра иштетилген продукцияларды келечекте Россияга экспорттоо экономикалык жактан натыйжалуу экендиги аныкталды.
7. Агрардык сектордон өндүрүлгөн негизги айыл-чарба продукцияларынын көрсөткүчтөрүнүн негизинде сызыктуу эконометрикалык модели түзүлүп, эң маанилүү делген айыл чарба продуктуларынын 2017-жылдан 2026 жылга чейинки экспорттун болжолдуу көлөмү аныкталды.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.**Автор тарабынан тышкы экономикалык байланышты өнүктүрүүнүн башкы багыттарынын илимий-теориялык жана практикалык негиздери жалпыланган.Кыргызстандын айыл чарба азык-түлүктөрүн жана кайра иштетилген продуктуларын Россия Федерациясына экспорттоонун негизги түрлөрүн аныкталган.Экономика-математикалык моделдердин негизинде илимий маселелер чыгарылып, экспорттун экономикалык көрсөткүчтөрүнүн алдын ала 2026-жылга чейинки божомолу сунушталды.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробациясы.** Иштелип чыккан сунуштар жана көрсөтмөлөр Ош облусунун айыл-чарба продукциясын өндүрүүчүлөрүтарабынан айыл-чарба азык түлүктөрүн экспортоону көбөйтүү максатында практикалык колдонууга кабыл алынды. Ош областык мамлекеттик админстрациясынын аймактык өнүктүрүү бөлүмү тарабынан "Ош областынын 2020-жылга чейинки айыл-чарба өндүрүшүн өнүктүрүү Программасын" түзүүдө колдонулду.Диссертациялык изилдөөлөрдүн негизги жоболору республикалык жана эл аралык илимий-практикалык конференцияларда, семинарларда баяндоолор жасалып, талкууланган жана илимий журналдарда жарык көргөн.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын жарыяланышы.** Диссертациялык иштин негизги мазмуну, теориялык тыянактары жана илимий-практикалык сунуштарыдиссертанттын 16 илимий макалаларында жарыяланган. Алардын арасында КРнын Жогорку Аттестациялык

Комиссиясы тарабынан сунушталган илимий журналдарга жана Россия Федерациясынын РИНЦке катталган журналдарынан жарыкка чыккан.

**Дисертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иштинтүзүлүшү, коюлган максаты, милдети менен аныкталып: кириш сөздү, үч бөлүмдү, корутундуну, пайдаланылган адабиятардын тизмесин, 22 таблицаны, 14 сүрөттөн туруп170 бетти камтыйт.

## ДИССЕРТАЦИЯЛЫК ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө**диссертациялык иштин актуалдуулугу, максат, милдеттери аныкталып, иштин илимий жанылыгы, практикалык жана экономикалык мааниси, коргоого коюлуучу негизги жоболор, жыйынтыктардын апробациясы жана жарыяланышы тууралуу маалыматтар берилди.

**Биринчи бөлүм "Тышкы экономикалык байланыштардын зарылдыгыжана алардын теориялык жана методикалык негиздери"** деп аталып, экономикалык тышкы интеграцияны өнүктүрүү тышкы байланыштардын өзөгү катары; экономикалык байланышка таасирин тийгизүүчү факторлор, эл аралык экономикалык байланыштардын тажрыйбалары жана аны Кыргызстандын практикасында колдонуу ыкмалары каралган.

Учурда ар бир өлкө көп тармактуу жана көп багыттуу ар кандай тышкы байланыштарга муктаж. Ал өнүгүү деңгээлине жараша ар кандай топторго бөлүнүшү да мүмкүн. Мисалы, 1997-жылдан баштап Кыргызстан бүткүл дүйнөлүк соода уюмуна, ал эми 2015-жылдын 12-августунан тартып Евразиялык экономикалык биримдикке (ЕАЭБ) мүчө болуп кирген. Эл аралык уюмдарга мүчө-өлкөлөр белгилүү бир милдеттенмелерге жана укуктарга ээ болушат.

Эл аралык экономикалык интеграциянын негизги тенденциясы болуп дүйнөлүк экономиканы региондоштуруу жана глобалдаштыруу эсептелет. Эл аралык экономикалык мамилелердин өнүгүүсү, эмгекти коомдук бөлүштүрүүнүн таасири астында дүйнөлүк экономиканы глобалдаштырууга алып келет. Глобалдашуунун күчөшү демографиялык процесстердин, жаңы технологиялардын өнүгүүсүнөн, сырьнын, ж.б. жаңы булактарынын иштелип чыгуу себептеринен улам өлкөлөр ортосундагы эмгек менен капиталдын кайрадан бөлүштүрүлүшү жана кыймылы уланып турат.

Кыргызстандын практикасына жакындашкан интеграцияны айтсак ал негизинен өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн тажрыйбасына ылайык болот, тагыраак айтканда, КМШ өлкөлөрүн атасак болот.

КМШ өлкөлөрү СССР кулагандан кийин өздөрүнүн жеке өнүгүү жолун тандоо укугуна ээ болушуп, эл аралык мамилелердин өз алдынча субъекттери катары таанылa башташкан. Алардын дүйнөлүк коомчулукка кошулуусунда географиялык жактан ээлеген орду, экономикалык жана демографиялык абалдары чоң мааниге ээ болгон.

Бирок, экономикалык жактан алып карганда КМШнын бир да мамлекети өз алдынча өнүгүп кетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон эмес, анткени алардын баары бири-биринен көз каранды болуп, бирдиктүү советтик

чарбанын курамында болгон. КМШдагы көз карандысыз өлкөлөр алгач өз алдынча тышкы байланыштарды жүргүзбөгөндүгү, экономикалык жактан өз ара бири-биринен көз каранды болуусу ж.б.у.с. бир топ себептер тышкы экономикалык байланыштарды жүргүзүүдө кыйынчылыктарды жараткан. Ошондой эле постсоветтик өлкөлөрдүн ортосундагы экономикалык кызматташууда көптөгөн тоскоолдуктар болуп келген. Натыйжада КМШ өлкөлөрү бири-бири менен экономикалык байланыштарын чыңдоо жана өнүктүрүү үчүн интеграциялык уюм түзүүгө мажбур болушкан.

Ар кандай интегарциялык байланыштар конкреттүү долбоорлор аркылуутүзүлөт. Мисал катары Кыргызстандан ЕАЭБке сапаттуу жана коопсуз сүт азыктарын экспорттоону камсыз кылуу жана көзөмөлдөө системасын орнотууну белгилесек болот.

Атайын эл аралык уюмдардын жардамы аркылуу “хокайдо тобу”сүт азыктарын экспортко чыгаруу боюнча долбоор сунуштаган. Аны көзөмөлдөөдө эл аралык уюмдар жана өлкөнүн бир топ министрликтеринин өкүлдөрү катышат.

Тышкы экономикалык байланыштарга ар түрдүү факторлор, айрыкча акыркы учурдагы интеграциялык процесстердинкүчөшү чоң таасир тийгизүүдө. Ошондон улам бул проблеманы терең изилдөө зарылчылыгы келип чыгууда.

Эмгекте теориялык изидөөлөрдүн негизинде тышкы байланыштарга таасирин тийгизүүчү факторлор бир системага келтирилген, алардын негизгилери болуп; мүчө-өлкөлөрдүн климаттык жана географиялык шарттары; илимий техникалык прогресс; тарыхый калыптанган мамилелер; экспорт жана импорт товарларды пайлануунун масштабы; байланыш маданиятында колдонулган тил практикасы; ар бир өлкөдө калыптанган тышкы саясат ж. б. эсептелет. Ошондой эле тышкы байланышка таасирин тийгизүүчү дагы бир маанилүү фактор катары протекционизм жана либералдаштыруу саясатын айтсак болот. Протекционизм - ички базарды чет өлкөлүк атаандаштардан коргоого, тышкы базарларды ээлеп алууга багытталса, тескерисинче, либералдаштыруу бажы төлөмдөрүн ж.б. эларалык мамилелердин өнүгүүсүнө болгон тоскоолдуктарды алып салуу менен байланыштуу. Протекционизм да, либералдаштыруу да өлкө ичиндеги экономикалык саясаттын өзгөрүүсүн чагылдырат жана эларалык эмгекти бөлүштүрүүдөгү, эларалык экономикалык мамилелердеги болуп жаткан өзгөрүүлөргө өлкөнүн жасаган аракетин да даана көрсөтүп турат.

Акыркы учурда дүйнөлүк чарбалык байланышардын формалары б.а. дүйнөлүк интеграциялык процесстер алгач болуп көрбөгөндөй деңгээлге жетти. Ушул эле учурда эл аралык байланыштардын деңгээли жалаң гана жогоруда айтылган факторлор менен аныкталбастан, ар бир өлкөнүн ички жана тышкы аракеттеринин максаттарына, ошондой эле эл аралык тажрыйбаларды үйрөнүү жана аларды өз убагында колдонууга жараша да болот. КМШ өлкөлөрүнүн интеграциялык тажрыйбаларын колдонуу азыркы учурдун талабына толук жооп берет.

Мисалы, Россиянын тажрыйбасын алсак, ал интеграция процесстерин жүргүзүү үчүн альтернативдүү тандоо жолуна туура келген. Тактап айтсак, Россия Федерациясы КМШнын ичинде экономикалык интеграциялык бирикмени сактап калуу аракети; КМШга мүчө-өлкөлөрдүн ичинен өнүккөн экономикалык өнөктөштөрдү бириктирүү; эки тараптуу негизде КМШ өлкөлөрү менен экономикалык мамилелерин өнүктүрүү сыяктуу тандоолордун алдында калган.

Ал эми интеграциялык процесстерди өнүктүрүүдө анын эффективдүүлүгүн аныктоочу маанилүү критерийлердин бири болуп мүчө-өлкөлөрдүн экономикалык өнүгүү динамикасы эсептелет. Анткениинтеграциялык уюмга мүчө-өлкөлөрдүн экономикасы өсүп жаткан мезгилде интеграциялык процесстер абдан ылдам ишке ашырылат. Тажрыйба көрсөткөндөй өлкөлөр кризистик же ага жакын абалда болуусу алардын бири-бири менен интеграциялык мамилелерди жүргүзүүсүн татаалдаштырат, мындай учурда ар бир өлкө өзүнүн ички экономикалык маселелери менен алек болуп калат да, аны кризистен чыгарып кетүү үчүн күчтүү өнөктөш издешет. Ошондон улам Россия жогоруда аталган тандоолордун экинчисин тандап, алгач КМШнын ичинен экономикасы күчтүү делген өлкөлөр менен интеграциялык уюм түзүүнү көздөгөн.

Ушул мезгилде башка тажрыйбаларга кайрыла турган болсок, Россия, Кыргызстан жана Молдовада кризиске каршы саясатты негизинен либералдык-монетардык ыкмалар менен аныктаган. Украина, Беларус жана Казакстанда экономиканы өнүктүрүү үчүн көбүрөөк мамлекеттик колдоо жүргүзүлгөн. Өзбекстан жана Түркмөнстанда экономиканы турукташтыруу максатында улуттук экономиканын негизги секторлорун тандап, бюджеттик каржылоонун негизинде чакан ишкердикти өнүктүрүү, чет өлкөлүк кредиттерди жана жеке инвестицияларды тартуу иш чаралары жүргүзүлгөн.

Армения, Азербайжан жана Грузияда кризиске каршы саясат биринчи кезекте, тышкы каржылык жардамдарды алууга багытталган. Ал Армения жана Грузия үчүн жашоонун булагы болуп калган, ал эми Азербейжан концессия саясатына артыкчылык берилген – каржылык турукташтыруу үчүн мунайды экспорттоодон түшкөн кирешени пайдалануу, улуттук экономиканын башка тармактарынын өндүрүштүк кубаттуулугун күчөтүү үчүн стратегиялык жаратылыш ресурстарын чет элдик Улуттар аралык корпорацияларга өткөрүп берүү болгон.

Дагы бир айта кетчү нерсе, өткөөл мезгилде КМШ өлкөлөрүнүн экономикалык интеграция процессине караганда ар бир өлкөнүн өзүнчө өнүгүү ыкмалары да кээ бир өлкөлөрдө үстөмдүк кылган. Мындан тышкары саясий амбициялар күч алган учурлар да болгон. Мисалы, Украина 2000-жылдан кийин эле Батыш моделин жана Европа Биримдигинин тажрыйбасын үлгү катары карап, бара-бара ошол жакка ыктаганы белгилүү. Натыйжада ал 2014-жылы биротоло КМШ өлкөлөрү менен байланышты үзгөн. Ушундай эле жол менен Грузия баратат. Өзбекстан менен Азербайжан кандайдыр бир деңгээлде өздөрүнүн өнүгүү моделдерин тапты деп айтсак болот, бирок алар КМШ өлкөлөрү менен байланышты үзгөн жок.

Тескерисинче, байланыштарды өркүндөтүү үчүн жаңы аракеттерди жасашууда.

Дүйнөлүк интеграциялык тажрыйба көрсөткөндөй Кыргызстандын Евразиялык экономикалык уюмга кирүүсү интеграциянын алгачкы жылдарында жемиштүү болбоосу анык. Анткени бул интеграциялык уюмдун ичиндеги экономикасы күчтүү мүчө-өлкөлөрдүн (Россия, Казакстан, Беларуссия) жанында өнүгүүсү начар Кыргызстанатаандаштыкка туруштук бере албайт. Бирок, тажрыйбаны кароо менен бүгүнкү күндө өлкөбүз интеграциянын баштапкы этабында бир топ зор кыйынчылыктарга дуушар болуу менен келечекте интеграциянын натыйжасында өнүккөн мамлекеттерден болуусуна ишеним бар.

**Изилдөөнүн экинчи бөлүм “Кыргызстандын Россия менен тышкы экономикалык байланышынын өнүгүү деңгээли”**деп аталат. Анда эки өлкөнүн ортосундагы экономикалык мамилелердин өнүгүүсү,соода кызматташтыктары, андан сырткары, башкы экономикалык байланыштарын өркүндөтүү багытында көмөк көрсөтүүчү тармактар талдоого алынган.

Постсоветтик өлкөлөр дүйнөлүк коомчулукка кошулууда көп багыттуу интеграцияны тандап алышууда. Мындай абал КМШнын алкагында бир катар эл аралык уюмдардын пайда болушуна алып келген, алар өздөрүнүн курамы жана катышуучулардын умтулуулары боюнча айырмаланышат. Мындай уюмдарга БАК, ЕврАзЭС, ШКУ ж.б. киришет.

Кыргызстан менен Россиянын экономикалык байланыштарынын бекемделишинежогоруда аталган себептерден башка кээ бир уюмдардын түзүлүшү түрткү болгон. Алардын ичинен өзгөчө Евразиялык экономикалык кызматташтык *(*ЕврАзЭС*)* уюмун айтууга болот.

Эл аралык кызматташтыктын кеңейүүсүнүн натыйжасында Кыргызстан 2015-жылдан тартып Евразиялык экономикалык биримдикке мүчө болуп кирди. Бул бирикменин алкагында Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясы өзгөчө экономикалык байланыштарга ээ. Адегенде эки өлкөнүн КРнын РФсы менен товар жүгүртүүдөгү экспорттук потенциалына байкоо жүргүзүп көрөлү (1-таблица )

***1-таблица. Артыкчылыктуу башкы багыттарын тандоо***

| | Экспорттук потенциал | | |
|---|---|---|---|
| Социалдык-экономикалык өнүгүү | Төмөн | Орто | Жогорку |
| Жогорку | -- | Туризм | Тигилген кийимдер |
| Орточо-жогорку | Кол өнөрчүлүк | Мөмө-жемиштер, жаңгактар; сүт жана эт азыктары. | Иштетилген жашылча-жемиштер |
| Орточо | -- | МТ кызматтары | Пахта |
| Орточо-төмөн | Жаныбарлардын жүнү | Жаныбарлардын териси | Минералдык отун ресурстары жана металдар |

Булак: УСКнын маалыматтарынын негизинде түзүлдү

Кыргызстан эң маанилүү товарларды Россиядан импорттойт жана айыл-чарба продуктуларынын басымдуу бөлүгүн Россияга экспорттойт.

Ушундан улам ЕАЭБдин алкагында Кыргызстандын экономикасынын эффективдүү өнүгүүсүнүн эң маанилүү жолу болуп Россия менен кызматташуу эсептелет. Себеби Кыргызстандын буга чейинки Россия менен товар жүгүртүүсү жылдан-жылга өсүп турган. Кыргызстандын тышкы соодасындагы жалпы товар жүгүртүүсүнүн эң көп үлүшү Россияга туура келген, аны төмөндөгү 2-таблицадан көрө алабыз.

***2-таблица. Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясы менен товар жүгүртүүсүнүн динамикасы, миң.долл.***

| **Жылдар** | Товар жүгүртүү | | Салыштырмалуу үлүшү | Экспорт | Импорт | Сальдо |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Бардыгы | Россия м-н | | | | |
| **2007** | 2822,4 | 806,1 | 28,6 | 153,8 | 652,3 | -498,5 |
| **2008** | 4109,6 | 1208,5 | 29,9 | 234,6 | 973,9 | -739,3 |
| **2009** | 5928,0 | 1802,3 | 30,4 | 310,1 | 1492,2 | -1182,1 |
| **2010** | 4713,2 | 1276,2 | 27,1 | 185,8 | 1090,4 | -904,6 |
| **2011** | 4978,7 | 1341,7 | 26,9 | 257,8 | 1083,9 | -826,1 |
| **2012** | 6503,4 | 1714,0 | 26,4 | 284,4 | 1429,6 | -1145,2 |
| **2013** | 7503,9 | 2035,7 | 27,1 | 219,1 | 1816,6 | -1597,5 |
| **2014** | 7993,8 | 2141,9 | 26,8 | 152,7 | 1989,2 | -1836,5 |
| **2015** | 7618,4 | 1902,0 | 25,0 | 122,2 | 1779,8 | -1657,6 |
| **2016** | 5745,9 | 1428,9 | 24,9 | 157,3 | 1271,6 | -1114,3 |

*Булак: КР Улуттук Статистика комитетинин жыйнактары 2006-2016-жж.*

Таблицада көрүнгөндөй Кыргызстандын Россия менен товар жүгүртүүсү алтынды кошпогондо 2014-жылга чейин туруктуу болуп, товар жүгүртүү жылдан жылга өскөн. 2015-жылы товар жүгүртүү 2014-жылга караганда 12,6% га (239,9миң. АКШ долл) төмөндөп, жалпы товар жүгүртүү 1902,0 миң АКШ долл. түзгөн. 2015-жылы Россиядан келген импорт 10,5% (209,4 АКШ долл.) азайган, ал эми Кыргызстандан Россияга экспортоо 2014-жылы 2013-жылга салыштырмалуу 30,5% кескин төмөндөсө, 2015 жылы 19,8% төмөндөгөн. Ал эми 2016-жылы (ЕАЭБке мүчө болгондон кийин) экспорт кайрадан өскөндүгү байкалат.

Россия менен Кыргызстандын ортосундагы өз ара пайдалуу экономикалык кызматташтыкты өнүктүрүү өтө маанилүү. Өзгөчө, ЕАЭБдин алкагында соода-экономикалык кызматташтык боюнча жаңы стратегиялык программаларды биргелешип иштеп чыгуу жана ишке ашыруу зарыл. Бирокэки тараптын соода-экономикалык кызматташуусунда бир канча кыйынчылыктар жана чечилбеген маселелер бар.Алардын ичинде Кыргызстанда өндүрүлгөн продукциялардын дээрлик көпчүлүгү Россиялык керектөөчүлөргө түздөн-түз жетпестен, көптөгөн ортомчулар аркылуу жеткирилиши экономикалык жактан жакшы натыйжа бербей келет. Мындан тышкары логистикалык борборлордун жана фитосанитардык лабораториялардын жетишсиздиги, сактоочу кампалардын

сыйымдуулугунун аздыгы ж.б. белгилеп кетсек болот. Ошондой эле транспорттук ташуу жана жеткирүүдө олуттуу тоскоолдуктардын болушу, Кыргызстан менен Россия чектеш чек арада жайгашпагандыгы, биздин республиканын деңиз жолдоруна чыгууга мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу жана транспорттук инфраструктуранын жана уюштуруу-укуктук механизмдердин алсыздыгы эсептелет.

ЕАЭБдин алкагындагы мындай маанилүү маселени чечүү менен бир канча секторлордун ийгиликтүү иш алып баруусуна шарт түзүлөт. Ошондой эле Кыргызстан менен Россиянынортосундагы соода-экономикалык, мунай-газ, электр-энергиясын, текстиль, тоо-кен жана агрардык тармактарындагы стратегиялык өнөктөштүктү мындан ары да бекемдеп, экспорт жана импорт операцияларын жылдан-жылга өстүрүүгө жол ачылат.

Ошентсе да Кыргызстан ЕАЭБке мүчө болгондон баштап тышкы экономикалык байланыштарында өнүгүү тенденциясы байкалат. Эгерде буга чейин Кыргызстан экспортко негизинен чийки заттарды чыгарып келсе, бара-бара колдонууга даяр товарларды чыгаруунун үлүшү көбөйгөндүгүн байкайбыз. Демек мындай тенденцияны ар тараптан колдоо зарыл, себеби өлкөдө өндүрүлгөн чийки заттарды кайра иштетүүгө кызыкчылык пайда болот.

Кыргызстан менен Россиянын экономикалык кызматташтыгынын дагы бир көрүнүшү катары экономикалык чөйрөгө көмөктөш болгон ишмердүүлүктөрүн айтсак болот.

Буга эң оболу социалдык чөйрөнүн өнүгүүсү мисал боло алат. Көмөктөш чөйрөлөрдүн эң маанилүүсү болуп, эмгек ишмердүүлүгүн айтсак болот, себеби ар кандай баалуулуктарды жаратуу эмгек менен байланыштуу.
Кыргызстан менен Россия Федерациясынын ортосундагы экономикалык байланыштарга республиканын калкынын эмгек миграциясы да таасирин тийгизет. Буга аргумент катары эмгек мигранттарынын Россия экономикасына тийгизген таасирин, ошондой эле алардын эмгек акыларынын бир бөлүгү Кыргызстанга жиберилип өлкөнүн экономикасына жана калктын жашоо деңгээлине кошкон салымын айтсак болот.

Албетте, эмгек мигранттарынын жасаган жумушун жана алардын мекенине жиберген капиталдарын жөн эле өзүнөн-өзү ишке ашуучу процесс катары баалоого болбойт. Анткени ар бир жумушчу күчтүн же болбосо инвестициянын артында экономикалык байланыштардын татаал тармактарын байкоого болот. Буга профессионалдык тажрыйбалуу эрудицияны, билимди, маданиятты, каада салтты, ж.б.у.с. үйрөнүү да мисал болот алат. Мунун баардыгы эл аралык (Кыргызстан менен Россиянын) байланыштарды кеңейтүүгө жардам берет. Ал эми Россиядагы мигранттардын Кыргызстанга жиберген акчалай каражаттары түздөн-түз үй тиричилик шарттарды жакшыртууга, ишмердүүлүктү кеңейтүүгө ж.б.у.с. бир топ экономикадагы иш жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.2016-жылы чет өлкөгө кеткен мигранттар7125 киши болсо анын ичинен Россияга кеткен мигранттардын 5445 киши болуп ал тышкы миграцияда Россиянын үлүшү 76,42% түзөт. Эмгек мигранттарынын структурасын жана квалификациялык деңгээлин

баалоо кандайдыр бир маанигэ ээ. Эгерде буга чейин Кыргызстандык эмгек мигранттары курулуштарда жана жеке ишкерлер катары базарларда иштеп келишсе, азыркы мезгилде алар акырындык менен кызмат көрсөтүү тармагын өздөштүрүшүүдө. Ошондон улам квалификациялуу кадрлардын миграциясы да көбөйүүдө.

Россия Федерациясы менен экономикалык байланыштарга олуттуу көмөкчү болгон чөйрө катары аскердик кызматташтыкты айтсак болот. Себеби ар кандай өнүгүү, анын ичинен экономика чөйрөсүндөгү ишмердүүлүктү жүргүзүү биринчи иретте өлкөнүн тышкы коопсуздугуна байланыштуу. Мындай байланыштар б.а. коопсуздук, аскер кызматташтыгынан көз каранды. Кыргызстан менен Россиянын ортосундагы мамиле өлкөнүн согуштук-стратегиялык абалын, чек араларын сактоо үчүн да керек. Бул багыттагы маселелерди жөнгө салуу максатында эки өлкөнүн ортосунда бир катар аскердик чөйрө жөнүндөгү келишимдер түзүлгөн.

Экономикалык кызматташтыкка көмөкчү катары билим берүү жана илим чөйрөсүн да кошсок болот. Айрыкча жогорку окуу жайда билим берүүдө Россиянын салымы чоң. Мисалы, азыркы учурда Кыргызстандын 3 минге жакын жаштары россиянын ар түрдүү жогорку окуужайларында билим алып жатышат. Мисалы, 2011–2015-жылга чейин Россиянын жогорку окуу жайларына кыргызстандык студенттер үчүн квоталар 200дөн 600 орунга чейин көбөйгөн. Ал эми 2015–2016-окуу жылына карата дүйнө жүзү боюнча мамлекеттин эсебинен билим алууга 20 миң орун бөлүп, анын ичинене Кыргызстан үчүн 2015–2016-окуу жылында 400 орун бөлүнгөн. Андыктан бүгүнкү күндө кыргыз жаштарынын көпчүлүк бөлүгү Урал, Сибирь университеттеринде боюджеттик орундарда билим алып жатышат.

Экономикалык байланыштардын катарына Кыргызстан менен Россиянын биргелешкен ишканаларын жана уюмдарын түзүү да кирет. Тышкы соода ишмердүүлүккө мисал катары төмөндөгү кызматташуунун түрлөрүн атасак болот. Кыргызстанда Улуттук банктын лицензиясын алган 1995-жылдан тартып россиялык уставдык капиталы менен “Аман Банк” жана “Россинбак” коммерциялык банктары да өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп келишет. ЕАЭБке мүчө болуу менен россиялык каржы компанияларынын Кыргызстандагы ишканаларга инвестициялоосу дагы да көбөйүүсү күтүлүүдө.

Чындыгында Россия Федерациясы менен Кыргызстандын экономикалык кызматташтыгынын көлөмү ЕАЭБдин алкагында дагы да өсүшү мүмкүн. Ошентсе да бүгүнкү күндө ЕАЭБке мүчө болуу менен коюлган максаттардын жана маселелердин баары кыска убакытта чечилип калуусу мүмкүн эмес.Бирок келечекте ЕАЭБдин алкагында Россиялык инвестициялардын көбөйүүсү жана сатуу рыногунун кеңейүүсү, жаңы жумушчу орундарды түзүү, өнөр-жай жана айыл-чарба өндүрүшүнүн көлөмүнүн өсүүсүКыргызстандын товар жүгүртүүсүнө оң таасирин тийгизмекчи.

**Үчүнчү бөлүм “Кыргызстан менен Россиянын экономикалык байланыштарын өркүндөтүүнүн жолдору”** -деп аталып, айыл-чарба

продукцияларын экспорттоо потенциалы, өнөр-жай тармагындагы кызматташтыкты өнүктүрүү, соода жүргүзүү иштеринин жана интеграциялык процесстерди жакшыртуунун факторлору аныкталып, конкреттүү сунуштар берилген.

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын тышкы экономикалык байланыштарындагы негизги маселеси болуп ЕАЭБ мамлекеттерине экспорттоону көбөйтүү, өндүрүлгөн продукциялардын сапатын жакшыртуунун негизинде атаандаштыкка жарамдуулугун жогорулатуу эсептелет. Өзгөчө ЕАЭБ экономикалык мейкиндигинде экспорт жана импорт операцияларын эл аралык байланыштардын стандартына ылайык жаңы ыкмада жүргүзүү талабы келип чыкты. Мындан тышкары экспорт жана импорт операцияларын жаңы технология жана инновациялык ыкмалар менен иш жүзүнө ашыруу милдети пайда болду. Ошол себептен, ЕАЭБ мамлекеттерине, айрыкча Россияга экспорттоону жана алардын сапатын кантип жогорулатуу керек деген маселе Кыргызстандын тышкы соода-экономикалык байланышынын башкы багытына айланып олтурат.

Учурда Кыргызстандан Россияга экспорттолуучу негизги продукциялар жер жана мөмө-жемиштер болуп саналат. Айта кетсек, акыркы жылдары Россияга экспорттолгон жер жана мөмө-жемиштер 24%ды түзгөн. Бул баарыбызга белгилүү болгондой Кыргызстандын жаратылыш шартында өскөн мөмө-жемиштердин сапатынын жогору экендигинен, аларга болгон суроо-талаптын жогорку деңгээлде экендигин көрсөтөт.

Кыргыз Республикасынын айыл-чарба министирлигинин маалыматы боюнча Кыргызстан Россияга биринчиден, жер жана мөмө-жемиштерди экспорттоону көбөйтө алат. Мисалы, жылына Кыргызстанда 2 млн.тоннага жакын жер жана мөмө жемиштер өстүрүлөт. Жергиликтүү калк өндүрүлгөн продукцияны 20% –35%ын гана иштетишет, ал эми калганы экспортко жөнөтүлөт.

Россияга экспорттукөбөйтүүнүн дагы бир маанилүү жолу катары кыргызстандын айыл-чарба продукцияларын сатуудагы экспорт жана импорт операцияларын тийиштүү системага салуу эсептелет. Системада ашыкча катышуучуларды, т.а. өзгөчө “шектүү” ортомчу звенолорду жокко чыгарууда жана аппеляцияларды жүргүзүүдө санариптик технологияны колдонуу натыйжалуу болмок.Экспортту көбөйтүүнүндагы бир булагы болуп ЕАЭБке кирген өлкөлөрдүн адистештирилген багытын күчөтүү эсептелет. Мисалы, Россияда приоритеттүү тармактардан болуп дан эгиндерин, сүт азыктары, теплицада өскөн жер жана мөмө жемиштерди өстүрүү, Казакстанда дан азыктары жана уй этин өндүрүү кеңири жайылтылган. Беларуссия сүт жана эт азыктарын экспорттойт. Ал эми Армения жана Кыргызстанда экологиялык таза шартта өндүрүлгөн жер жана мөмө-жемиштерди өстүрүү жана кайра иштеп чыгып, аларды экспорттоого багытталган.

Эл аралык экономикалык байланыштардын негизги бөлүгүн өнөр-жай чөйрөсү түзөт. Андыктан экспортту кеңетүүдө өнөр-жай тармагын жаңы баскычка жеткирүү үчүн келечекте жалаң гана ЕАЭБ мейкиндигинде эмес,

дүйнөлүк рыноктон да орун алуу үчүн бир топ иш чараларды жүргүзүү зарыл, алардын негизгилери төмөнкүлөр:

- атаандаштыкка туруктуу болуу үчүн өнөр-жайлардын материалдык-техникалык базасын модернизациялоо жана түзүү;
- өнөр-жай тармагындагы инновациялык технологияларды колдонууну кеңейтүү жана аларга тийиштүү шарттарды түзүү;
- заманбап техниканы жана технологияларды ишке кийрүү жана колдонуу максатында тийиштүү деңгээлдеги квалификациялуу жумушчу күчтөрдү жана адистерди даярдоо;
- өнөр-жай ишканаларынын ишмердүүлүгүн заманбап рынок мамилелерине ыңгайлаштыруу жана рынок мамилелерин үйрөнүү;
- башкарууда жана уюштурууда заманбап технологияларды, анын ичинен санариптик ыкмаларды колдонуу менен уюштуруу формаларынын оптималдуу структураларын түзүү.

Эл арлык экономикалык кызматташтыкты конкреттүү ишканалардын ишмердиги же болбосо ишкерлердин аракеттери аркылуу аныктаса болот. Бирок мындай шартка жетүү үчүн ишкерлердин алдында бир нече милдеттер турат. Алардын башкылары болуп буюмдарды сапат жагынан эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүү, алардын өздүк наркын же рыноктогу баалары атаандаштардан жогору эмес деңгээлде кармоо, буюмдарды колдонуудагы ыңгайлуулуктарды жаратуу ж.б. болуп эсептелет. Төмөнкү таблицада Кыргызстанда өндүрүлгөн кээ бир өнөр-жай буюмдарынын атаандаштыкка туруктуу болгон негиздерин келтиребиз (4-таблица ).

***3- таблица. Кыргызстанда өндүрүлгөн атаандаштыкка жөндөмдүү кээ бир товарларга негиздер***

| № | Товардын аталышы | Өндүрүүгө негиз | Кайсы өлкөлөргө сатылат | Келечектеги тенденция |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Куликов торту | Швецария өлкөсүнүн сертификаты | Россия, Казакстан, Кытай, Тажикстан | Көлөмү жылдан-жылга өсүүдө |
| 2 | Шоро | Эл аралык көргөзмөлөрдүн жеңүүчүсү | Россия, Казакстан, Кытай, Өзбекстан | Толкундуу мүнөздө |
| 3 | Кара өрүк | Германиянын буйрутмалары жана биргелешкен келишими | Германия, Россия | Өндүрүүнү кеңейтүүгө потенциал бар |
| 4 | Баткен мөмө-жемиштерди кайра иштетүү | Эл аралык буйрутмалар | Россия, Белорусия, Казакстан, Түркия, ж.б. | Жылдан-жылга өсүүдө |
| 5 | Кийизден жасалган буюмдар | Эл аралык көргөзмөлөрдүн жеңүүчүсү | Европа, Россия, Америка, Япония | Жылдан-жылга өсүүдө |

*Булак: Ишканалардын отчету боюнча жеке изилдөөнүн негизинде түзүлгөн. автордук*

Жогоруда таблица көрсөткөндөй атаандаштыкка туруктуу буюмдарды чыгаруу үчүн эң оболу сапаттык сертификаттар же болбосо эл аралык көргөзмөлөрдүн жеңүүчүсү болуу керек, мындан тышкары буюмдарды өнөр-жай базасында массалык же орто сериялык санда чыгарууга шарттар, сатып алуучулар менен келишим ж.б.у.с. өндүрүштүк соодалык документтер болуусу абзел.

Дүйнөлүк деңгээлде же эки мамлекеттин ортосундагы экономикалык өнүгүү, тагыраак айтканда товарлардын түрлөрүн экспорттоо жана импорттоо процесси көптөгөн факторлордун тийгизген таасиринен улам келип чыгат. Тажрыйба көрсөткөндөй айрым учурда түркүн факторлордун бири экинчисине байланышынын татаалдыгы, бири-бирине дал келбеген же аныкталбаган учурлары дагы кездешет.

Ушундан улам мындай жооптуу экономикалык мамлекеттик денгээлдеги маселени туура чечүүдө, башкача айтканда, кызматташтыктын тенденциясын алдын ала билүү, кала берсе кээ бир көрсөткүчтөрдү божомолдоо чоң мааниге ээ.

Андыктан Кыргызстандан эң маанилүү делген айыл-чарба продукцияларын жана кайра иштетилген товарлардын түрлөрүн Россияга экспорттоонун тенденциясына экономикалык жактан талдоо жүргүзүп, анын божомолун аныктоодо зарылчылыгы бар. Божомолдоо үчүн эконометрикалык моделин түзүү зарыл. Ошондуктан эконометрикалык каталарды түзүүдө б.а. статистикалык маалыматтарды колдонууда биз атайын эки мезгилди алдык. Биринчи мезгилге Кыргызстандын ЕАЭБке мүчө болгонго чейинки акыркы 5 жылдык маалыматтары колдонулду (2012-2016), ал эми божомолдоо мезгили катары өлкөнүн ЕАЭБке мүчөлүк мезгилдери б.а. 2026-жылга чейинки убакыт тандалып алынды. Адегенде 2016-жылга чейинки Кыргызстандан Россияга экспорттолгон кээ бир айыл-чарба подукцияларынан маалыматтарды төмөндөгү таблицада келтирилет (5-таблица).

***4-таблица. Кыргызстандан Россияга экспорттолгон негизги айыл-чарба продукциялары(миң тонна менен).***

| **Продуктулардын аталышы** | **2012** | **2013** | **2014** | **2015** | **2016** |
|---|---|---|---|---|---|
| Таза бал | 0,504 | 0,258 | 0,154 | 0,086 | 0,024 |
| Пияз | 7,209 | 1,980 | 3,157 | 1,960 | 1,598 |
| Картошка | 15,579 | 0,000 | 0,000 | 0,000 | 0,100 |
| Сабизжанатүрп | 13,543 | 0,367 | 0,095 | 0,039 | 0,140 |
| Бадыраң | 0,168 | 0,148 | 0,000 | 0,000 | 0,001 |
| Фасоль | 8,278 | 6,788 | 3,134 | 3,064 | 5,460 |
| Жангак | 0,001 | 0,003 | 0,000 | 0,057 | 0,034 |
| Жүзүм | 0,370 | 0,045 | 0,000 | 0,000 | 0,639 |
| Дарбыз | 1,061 | 0,100 | 0,100 | 0,110 | 0,000 |
| Алма | 0,580 | 0,053 | 0,000 | 0,014 | 0,104 |
| Кургатылганмөмө-жемиштер | 0,333 | 0,168 | 0,162 | 0,217 | 0,188 |
| **Жыйынтыгы** | 47,625 | 9,910 | 6,802 | 5,546 | 8,286 |

*Булак: УСКнын статистикалыкмаалыматыбоюнчаавтордун эсеби***.**

Белгилеп кетчү нерсе эконометрикалык моделдерде натуралдык жана нарктык көрсөткүчтөр бирдей колдонулат.Ошондуктан Россия Федерациясына экспорттолгон айыл-чарба жана кайра иштетилген товарларды наркын дагы төмөндөгү таблицада келтиребиз (6-таблица).

***5 – таблица. Кыргызстандан Россияга экспорттолгон негизги айыл-чарба продукциялары (миң сом менен)***

| **Продуктулардын аталышы** | **2012** | **2013** | **2014** | **2015** | **2016** |
|---|---|---|---|---|---|
| Таза бал | 66420,2 | 36701,1 | 21752,1 | 11483,2 | 2108,1 |
| Пияз | 66427,8 | 27968,7 | 38256,3 | 28550,2 | 19584,7 |
| Картошка | 131310,1 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 1329,5 |
| Сабизжанатүрп | 87741,5 | 3042,7 | 587,2 | 713,4 | 5216,0 |
| Бадыран | 3508,2 | 4910,3 | 0,0 | 0,0 | 5170,1 |
| Фасоль | 293880,7 | 251034,0 | 161351,5 | 181070,8 | 277505,5 |
| Жангак | 49,6 | 429,1 | 24,0 | 25278,9 | 12890,8 |
| Жүзүм | 9932,2 | 1133,3 | 0,0 | 0,0 | 16933,5 |
| Дарбыз | 12748,9 | 1100,0 | 1134,8 | 1629,2 | 0,0 |
| Алма | 6617,0 | 830,5 | 0,0 | 1225,9 | 7376,5 |
| Кургатылганмөмө-жемиштер | 41104,4 | 25734,6 | 25718,3 | 38213,5 | 40272,8 |
| **Жыйынтыгы** | 719741 | 352884 | 248824 | 288165 | 388388 |

*Булак: УСКнын статистикалык маалыматы боюнча автордун эсеби.*

Статистикалык маалыматтар көрсөткөндөй акыркы беш жылда Кыргызстандан Россияга экспорттолуучу мөмө-жемиштердин көбүрөөк пайызын,б.а. пияз-24%, фасоль-22%, сабиз -20% картошка -18%, жүзүм-9%, алма-3% жана дарбыз-2% түзгөндүгүн байкоого болот. Ал эмикургатылганмөмө-жемиштержана таза бал болгону - 1% түзгөн.

Жогоруда акыркы беш жылдагы көрсөтүлгөн продукциялардын статистикалык маалыматтардын негизинде сызыктуу эконометрикалык моделинин параметрлери аныкталды (7-таблица).

***6-таблица. КыргызстандanРоссияга экспорттолуучу айыл-чарба продукцияларынын түрлөрү боюнча эконометрикалык модели.***

| Продукциялардын аталышы | Эконометрикалыксызыктуу модели | $R^2$ | F-критерий |
|---|---|---|---|
| Таза бал | y=165579+13,9x | 0.63 | 16.73 |
| Пияз | y=116823.5+9.36x | 0.88 | 30.57 |
| Картошка | y=366898.4+6.32x | 0.76 | 12.56 |
| Сабизжана репа | y=326470.1+9.44x | 0.87 | 25.77 |
| Бадыран | y=356087+38.61x | 0.75 | 11.96 |
| Фасоль | y=998.43+2.65x | 0.10 | 0.46 |
| Жаңгак | y=737943.6-19.3x | 0.21 | 1.08 |
| Жүзүм | y=433334.8+4.85x | 0.72 | 10.23 |
| Дарбыз | y=301199.6+49.21x | 0.95 | 94.15 |
| Алма | y=345046.9+35.34x | 0.78 | 15.64 |
| Кургатылганмөмө-жемиштер | y=-665079+34.92x | 0.52 | 4.36 |

*Булак: автордун эсеби.*

Алынган эконометрикалык моделдердин сапатын аныктоодо негизги статистикалык мүнөздөмөлөр: детерминация коэффициенти $R^2$ жана

Фишердин критерийи F каралат. Фишердин статистикалык таблицасыбоюнча тиешелүү мааниси $\alpha$=0,05 болгондо 7,71ге барабар. Демек, жогорудагы7-таблицасынан грек жаңгагы жана фасолдон башка продукциялар экспорттолуучу товардардын көлөмүнө туура келип жаткандыгынбайкоого болот.Жогорудагы белгилегендей эконометрикалык моделдердин жардамын менен Кыргызстандан Россияга экспорттолуучу продукциялардын 2026-жылга чейинки божомолун төмөндөгү 8-таблицада берилет.

***7-таблица. Кыргызстандан Россияга экспорттолуучу кээ бир айыл-чарба продукцияларынын божомолу, миң т.***

| Көрсө ткүчтө р | 2012-2016 жылдар (орточосу) | Божомол | | | | | | | | | | 2026 -ж |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2017-ж | 2018-ж | 2019-ж | 2020-ж | 2021-ж | 2022-ж | 2023-ж | 2024-ж | 2025-ж | 2026-ж | |
| Таза бал | | | | | | | | | | | | |
| Биринчи вариант | 247,42 | 101,83 | 202,9 | 303,94 | 404,68 | 505,23 | 605,63 | 705,92 | 806,13 | 906,30 | 1006,43 | 1006,43 |
| Экинчи вариант | | 105,67 | 206,55 | 307,43 | 408,31 | 509,19 | 610,07 | 710,95 | 811,83 | 912,71 | 1013,59 | 1013,59 |
| Үчүнчү вариант | | 109,51 | 210,14 | 310,92 | 411,94 | 513,15 | 614,51 | 715,98 | 817,52 | 919,11 | 1020,74 | 1020,74 |
| Пияз | | | | | | | | | | | | |
| Биринчи вариант | 6135,9 | 1287,99 | 1185,42 | 1336,25 | 1656,37 | 1747,61 | 2172,34 | 2532,4 | 2429,65 | 2426,44 | 3085,14 | 3085,14 |
| Экинчи вариант | | 1336,52 | 1229,74 | 1386,76 | 1720,02 | 1815 | 2257,18 | 2632,04 | 2525,06 | 2521,72 | 3207,5 | 3207,5 |
| Үчүнчү вариант | | 1385,05 | 1274,06 | 1437,27 | 1783,67 | 1882,39 | 2342,02 | 2731,68 | 2620,48 | 2617,0 | 3329,86 | 3329,86 |
| Картошка | | | | | | | | | | | | |
| Биринчи вариант | 4591,3 | 1064,11 | 3040,16 | 6270,46 | 6769,82 | 8148,61 | 8300,87 | 8931,51 | 9840,00 | 10349,46 | 10735,71 | 10735,71 |
| Экинчи вариант | | 1077,52 | 3124,06 | 6514,64 | 7038,78 | 8486,00 | 8645,82 | 9307,76 | 10261,34 | 10796,08 | 11201,50 | 11201,50 |
| Үчүнчү вариант | | 1090,93 | 3207,96 | 6758,82 | 7307,74 | 8823,39 | 8990,77 | 9684,01 | 10682,68 | 11242,70 | 11667,29 | 11667,29 |
| Фасоль | | | | | | | | | | | | |
| Биринчи вариант | 5699,3 | 5302,82 | 6307,14 | 6809,41 | 7075,43 | 7371,00 | 7961,94 | 8167,37 | 8253,11 | 8484,95 | 9128,71 | 9128,71 |
| Экинчи вариант | | 5554,18 | 6615,09 | 7145,66 | 7426,67 | 7738,90 | 8363,13 | 8580,14 | 8670,71 | 8915,62 | 9595,65 | 9595,65 |
| Үчүнчү вариант | | 5805,54 | 6923,04 | 7481,91 | 7777,91 | 8106,80 | 8764,32 | 8992,91 | 9088,31 | 9346,29 | 10062,59 | 10062,59 |
| Грек жаңгагы | | | | | | | | | | | | |
| Биринчи вариант | 16,5 | 42,53 | 53,27 | 59,05 | 68,87 | 73,21 | 81,58 | 84,50 | 81,98 | 83,49 | 89,04 | 89,04 |
| Экинчи вариант | | 46,02 | 57,8 | 63,84 | 74,14 | 78,7 | 87,52 | 90,6 | 87,94 | 89,54 | 95,4 | 95,4 |
| Үчүнчү вариант | | 49,51 | 62,33 | 68,63 | 79,41 | 84,19 | 93,46 | 96,70 | 93,90 | 95,59 | 101,76 | 101,76 |
| Жүзүм | | | | | | | | | | | | |
| Биринчи вариант | 2294,2 | 688,31 | 749,56 | 770,71 | 714,36 | 808,48 | 846,37 | 886,72 | 753,56 | 836,32 | 987,7 | 987,7 |
| Экинчи вариант | | 691,84 | 753,09 | 774,24 | 717,89 | 812,00 | 849,89 | 890,24 | 757,09 | 839,84 | 993,3 | 993,3 |
| Үчүнчү вариант | | 695,37 | 756,62 | 777,77 | 721,42 | 815,52 | 853,41 | 893,76 | 760,62 | 843,36 | 996,8 | 996,8 |
| Дарбыз | | | | | | | | | | | | |
| Биринчи вариант | 474,8 | 184,81 | 376,26 | 578,97 | 752,38 | 855,98 | 849,27 | 691,68 | 342,53 | 231,52 | 1085,15 | 1085,15 |
| Экинчи вариант | | 188,42 | 379,78 | 582,46 | 755,90 | 859,54 | 852,82 | 695,18 | 346,06 | 235,10 | 1088,86 | 1088,86 |
| Үчүнчү вариант | | 192,03 | 383,30 | 585,95 | 759,42 | 863,10 | 856,37 | 698,68 | 349,59 | 238,68 | 1092,57 | 1092,57 |
| Алма | | | | | | | | | | | | |
| Биринчи вариант | 750,4 | 421,94 | 430,11 | 498,06 | 525,79 | 613,30 | 660,59 | 767,66 | 834,51 | 961,14 | 947,55 | 947,55 |
| Экинчи вариант | | 426,60 | 494,55 | 522,29 | 609,80 | 657,10 | 764,17 | 831,02 | 957,65 | 944,06 | 990,25 | 990,25 |
| Үчүнчү вариант | | 433,62 | 501,57 | 529,29 | 616,80 | 664,08 | 771,15 | 838,00 | 964,63 | 951,04 | 997,23 | 997,23 |
| Кургатылган мөмө жемиштер | | | | | | | | | | | | |
| Биринчи вариант | 305,4 | 242,23 | 359,05 | 378,94 | 401,94 | 428,05 | 457,28 | 489,60 | 525,03 | 563,56 | 605,19 | 605,19 |
| Экинчи вариант | | 245,76 | 362,54 | 382,44 | 405,46 | 431,60 | 460,86 | 493,24 | 528,74 | 567,36 | 609,10 | 609,10 |
| Үчүнчү вариант | | 249,29 | 366,03 | 385,94 | 408,98 | 435,15 | 464,44 | 496,88 | 532,45 | 571,16 | 613,01 | 613,01 |

*Булак: автордун эсеби.*

Эгерде, Кыргызстандан Россияга экспорттолуучу жер-жемиштер жана мөмө-жемиштердин илимий божомолдоруна таянсак, экспортту өстүрүү мүмкүнчүлүгү бар экендигин көрө алабыз.

Таза балды экспорттоонун көлөмүн 2026ж. орточо эсеп 1013,59 тоннага чейин өстүрүүгө болот.Ал эми пияз, картошканы экспорттоонун көлөмүн бүгүнкү күнгө салыштырмалуу эки эсеге көбөйтүүгө болоорун божомолдоонун негизинде байкоого болот. Мөмө-жемиштер, кургатылган мөмө-жемиштердин көлөмүн экспорттоону болжол менен 2026–жылы 3эсеге өстүрүүгө болот.Ал эми берилген прогноз боюнча грек жаңгагын экспорттонун көлөмү 2026-жылы орточо эсеп менен 95,4тоннага жеткирүүгө болот. Бирок бул жерде жаратылыш шарттарына ылайык болжолдонгон маалыматтар азыраак болуп калышы мүмкүн.

Божомолдоону аныктоо менен бирдикте жумушта келечекте орун алчу айрым тобокелчиликтердин болушу да белгиленди: алардын кээ бирлери төмөндөгүлөр:

- экспорттукпотенциалдынинфраструктурасынынначардыгы;
- инвестициянызайышы;
- экспорттуөнүктүрүүгөсаясыймамилелердинтийгизгентаасири;
- өндүрүүчүжана кайра иштепчыгуучуишканалардынжоктугу;
- тышкысоодадаата-мекендикөндүрүлгөнайыл-чарбапродукцияларынынатаандаштыкка жөндөмсүздүгү;
- экспорттуөнүктүрүүдөмыйзамдардынтолукиштебеши;
- өндүрүштөинновациялыктехнологиялардынжоктугу;
- мамлекеттарабынан экспорттуколдоонунначардыгыж.б..

Россияга айыл-чарба азык түлүктөрүн жана кайра иштетилген продукциялардын экспортун жогорулатуудагы божомолду ишке ашырууда жогорудагы белгиленген тобокелчиликтер экспорттун көлөмүнун азайышына алып келүүсү мүмкүн. Экспорттук потенциалды жогорулатуу үчүн мамлекет тарабынан тобокелчиликтерди жоюга көнүл буруу зарыл.

## ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА СУНУШТАР

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында төмөнкүдөй жыйынтыктар чыгарылып, сунуштар даярдалды:

1. Интеграциялык нукта өнүгүүнүн жолуна түшкөн мамлекеттердин багыты боюнча теориялык жана методикалык жактан тереңдетилип изилдөө жүргүзүлдү. Дээрлик бардык өлкөлөр экономика секторлорун өнүктүрүү үчүн эл аралык деңгээлдеги чарбалык байланыштарды калыптандырууга, экспорт-импорт операцияларын кеңейтүүгө, эркин соода-сатык жүргүзүүгө, өз ара кызматташтыкты күчөтүүгө жана инвестицияларды тартууга багытталган иш чараларды уюштурууга муктаж экендиги далилденди.
2. Тышкы экономикалык байланышын интеграциялык процессинин нугунда өнүктүрүүгө аракет кылган мамлекеттердин негизинен төмөнкү факторлор олуттуу таасирин тийгизет: жаратылыш шарттары жана байлыктары; инновациялык экономика; илимий технология. Бул факторлордун ар биринин өз алдынча өзгөчөлүгү, артыкчылыгы жана оош-кыйыштыктары орун алган. Эгерде стратегиялык маанидеги жаратылыш сырьесу арбын кездешкен өлкө экономикалык олуттуу ийгиликтерге жетишүүсүнө шарт түзсө, ал эми өнүгүп келе жаткан өлкөлөр үчүн инновациялык экономика менен илимий-технологиянын жетишкендиктерин пайдалануу менен экономикалык өнүгө тургандыгы аныкталды.
3. Кыргызстан тышкы экономикалык байланыштарды өркүндөтүү жана бул багытта тийиштүү натыйжа алуу үчүн чет өлкөлүк тажрыйбаларды, өзгөчө өнүккөн жана өнүгүп келе жаткан кошуна өлкөлөрдүн тажрыйбаларын үйрөнүүгө, аларды биздин шарттарга колдонууга муктаж экендигин белгиленип, жумушта айрым өлкөлөрдүн тажрыйбалары келтирилип, аларды колдонуу максатында иш чараларды жүргүзүү жолдору иштелип чыкты.
4. Кыргызстандын Россия менен учурдагы тышкы экономикалык байланышынын абалын талдоо аркылуу аларды келечекте жакшыртуу максатында резеврдер аныкталды. Алардын эң негизгилери болуп

фитосанитардык лабораторияларды түзүү, логистикалык борборлорду бүткүл аймактарды уюштуруу, инфраструктура объектерин талапка ылайык деңгээлге жеткирүү, техникалык регламенттерди кеңири жайылтуу белгиленип, айыл-чарба жана өнөр-жай продукцияларын экспорттоо деңгээлдери аныкталды. Ошондой эле экономикалык кызматташтыкка көмөк көрсөтүүчү тармактардын иш чаралары дагы талданды, бул багытта илим жана билим, инвестиция чөйрөсүнүн, аскер жана техника тармактардын мисалында экономикалык ишмердикке таасир берүүчү жолдору изилденди.

5. Кыргызстандын Россия Федерациясы менен тышкы экономикалык байланыштарын өркүндөтүүдө айыл-чарба продуктуларын экспортоо чоң ролду ойнойт. Ошондуктан экспорттук потенциалын өркүндөтүү үчүн адегенде Кыргызстандын айыл-чарба потенциалын кеңейтип жана өнүктүрүү керек. Жумушта бул багытта инвестиция тартуунун, атаандаштыкка жөндөмдүү артыкчылыктарды түзүүдө ЕАЭБ рынок мейкиндигине маркетингдик жолдор менен изилдөө ж.б. сунуштар келтирилди.

6. Экономикалык байланыштарды жакшыртуунун өзгүн өнөр-жай товарлары жана соода тармагын жакшыртуу түзгөндүктөн, биздин өлкө үчүн эл аралык стандарттарга ылайык соода жүргүзүү, өнөр-жай товарларынын атаандаштыкка туруктуу болуусун, өнөр-жай ишканаларынын ишмердүүлүгүнүн техникалык регламенттерин кеңейтүү зарылчылыктары белгиленди. Өзгөчө Кыргызстан үчүн жеңил өнөр-жайын өнүктүрүү, анын ичинен кийим тигүү, пахта, жүн жана тери иштетүүнү өнүктүрүү каралды. Ошондой эле тамак-аш өнөр-жайын, анын ичинен эт жана сүт азыктарын өндүрүүнү кеңейтүү маселелерине көңүл бурулду.

7. Айыл-чарба жана кайра иштетилген товарларын экспортоодо келечектеги тенденцияларды аныктоо чоң мааниге ээ экендигин белгиленип, практикада экономика-математикалык методдорду колдонулупкээ бир көрсөткүчтөрдүн божомолдорун аныктоо зарыл экендиги такталды. Натыйжада, Кыргызстандан акыркы жылдардагы Россияга экспорттолгон негизги айыл-чарба продукцияларынын кээ бир көрсөткүчтөрүнүн негизинде сызыктуу эконометрикалык модели түзүлүп, эң маанилүү делген айыл-чарба продуктулары 2017-жылдан 2026-жылга чейинки экспорттун болжолдуу көлөмү аныкталды.

**Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары төмөнкү эмгектерде чагылдырылды:**


1. Асилбек к. Ж. Основные направления развития торгово-экономических взаимосвязей Кыргызской Республики и Российской Федерации[Текст] / Асилбекк. Ж // Наука и новые технологии. 2009. Бишкек. №7. С.158-161.
2. Асилбек к. Ж. Развитие Кыргызско-Российского торгово-экономического сотрудничество на рубеже XX–XXIвв. [Текст] / Асилбек к. Ж // Наука и новые технологии. 2009-Бишкек.-№7. – С.171-175.
3. Асилбек к. Ж. Экономическое сотрудничество Кыргызской Республики с субъектами Российской Федерации (на примере Урала и Сибири) [Текст] / Асилбек к. Ж // Социальные и гуманитарные науки, № 7-8, 2009-Бишкек. – С. 14-14.
4. Асилбек к. Ж. Экономическое взаимосвязи Кыргызстана с Российскими регионами [Текст] / Асилбек к. Ж // Социальные и гуманитарные науки, № 7-8, 2009-Бишкек. – С. 34-138.
5. Асилбек к. Ж. Россия во внешнеэкономической деятельности Кыргызстана [Текст] / Асилбекк. Ж // ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ , №3, 2010. – С.171-174.
6. Асилбек к. Ж. Экономическое сотрудничество Кыргызстана и России в рамках региональных интеграционных объединений [Текст] / Асилбекк. Ж // Известия вузов, №3, 2010-Бишкек. – С.195-198.
7. Асилбек к. Ж. Развитие Кыргызско-Российских отношений в области экономики (в90-е годы XX века) [Текст] / Асилбекк. Ж // Высшая школа Казакстана, № 4, 2011 (Международной научно-педагогическое) – Алматы С. 183-187.
8. Асилбек к. Ж. Дүйнөлүк ири державалардын Борбордук Азиядагы жана Кыргызстандагы геосаясий кызыкчылыктары [Текст] / Асилбек к. Ж. // Тарых жана мурас түрмөгү. 2015-Бишкек -С. 256-260.
9. Асилбек к. Ж. Дүйнөлүк экономикалык интеграция жана Евразиялык экономикалык байланыштын түзүлүү зарылчылыгы [Текст] / Асилбек к. Ж. // Исвестия вузов, №12, 2014-Бишкек С.39-42.
10. Асилбек к. Ж. Россиянын Борбордук Азия жана Кыргызстандагы экономикалык кызыкчылыктары [Текст] / Асилбек к. Ж. //Наука и новые технологии , №7 2015-Бишкек С. 32-35.
11. Асилбек к. Ж. Развитие торгово-экономических отношений Кыргызской Республики и Российской Федерации[Текст] / Асилбек к. Ж. // Интернаука. Научная дисскуссия: вопросы экономики и управления №9(53) 2016-МОСКВА С. 41-49.
12. Асилбек к. Ж. Особенности социально-экономических отношений Кыргызской Республики и Российской Федерации [Текст] / Асилбек к. Ж. // Интернаука. Научная дисскуссия: вопросы экономики и управления №9(53) 2016-МОСКВА С.35-41.
13. Асилбек к. Ж. Интеграциялык бирикмелердин эл аралык тажрыйбасы жана ЕАЭБ [Текст] / Асилбек к. Ж. // Исвестия вузов, №1, 2017-Ош С.24-27.
14. Асилбек к. Ж. Проблемы экспорта сельхозяйственной продукции Кыргызстана и пути его регулирования [Текст] / Асилбек к. Ж. // Современная экономика: проблемы и решения, №8., 2017-Воронеж С.
15. Асилбек к. Ж. Проблемы развития экспортного потенциала сельскохозяйственной отрасли Кыргызстана в рамках ЕАЭС[Текст] / Асилбек кызы Жыпара // Современные гуманитарные исследования,№62017. –Москва С. 8-10
16. Асилбек к. Ж. Агрардык секторду өнүктүрүүдө экспорттун мааниси [Текст] Аманалиева М.О., Асилбек к. Жыпара // Ежеквартальный научно-информационный журнал "Экономический вестник", №4, 2017 –Бишкек С.57-61.

**Асилбек кызы Жыпаранын «Кыргызстандын Россия Федерациясы менен Евразиялык экономикалык байланыштын алкагында тышкы экономикалык байланышын өнүктүрүү» деген темадагы 08.00.05 – экономика жана эл чарбасын башкаруу адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

# РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр**: интеграция, интеграциялык уюмдар, импорт, экспорт, товар жүгүртүү, соода-экономикалык байланыш, Евразиялык экономикалык биримдик (ЕАЭБ), экономикалык кызматташтык, айыл-чарба продуктулары.

**Изилдөөнүн объектиси**: Евразиялык экономикалык уюмдун алкагында Кыргызстандын Россия менен тышкы экономикалык байланыштарын өнүктүрүү эсептелинет.

**Изилдөөнүн предмети:** Кыргызстандын Россия менен тышкы соода-экономикалык мамилелерин өнүктүрүү.

**Изилдөөнүн максаты**: Кыргызстандын Россия Федерациясы менен Евразиялык экономикалык байланыштын алкагында тышкы экономикалык байланыштарын өнүктүрүүнүн теориялык негиздерин аныктоо жана аны жакшыртуунун жолдорун иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн усулдары:** анализдөөнүн жалпы илимий методдору, салыштыруу методу**,** системалуулук, илимийабстракция, статистикалык жана экономика-математикалык моделдөө методоруэкономикалык болжомолдоонун аныктыгын жана жыйынтыктарынын негиздүүлүгүн камсыздоого мүмүкүндүк берди.

**Изилдөөнүн илимий жанылыгы**: Диссертациялык иште Кыргызстандын Россия Федерациясы менен Евразиялык экономикалык байланыштын алкагындагы тышкы экономикалык байланышын ар тараптуу кеңейтүүнүн башкы багыттары аныкталды. Эки өлкөнүн экономика секторлорунун перспективдүү продукцияларын экспорттоону кеңейтүү жолдору иликтенди. Алгач ирет ЕАЭБ алкагында Кыргызстандын Россияга айыл чарба азык-түлүктөрүн экспортоону көбөйтүү үчүн моделдештирүү базасында экономикалык божомол иштелип чыгып, божомолдоонун эконометрикалык модели сунушталды.

**Колдонуу дэңгээли: и**зилдөөнүн жыйынтыктары илимий иштелмелерде пайдаланууга, айыл чарба продуктуларын экспортоодо агрардык ишканалардын иштерин орто мөөнөттө божомолдоого зарыл болгон нормативдик документтерди иштеп чыгууда колдонууга болот.

**Колдонуу тармагы:** алынган жыйынтыктар жана сунуштар, экономика-математикалык моделдин практикалык колдонулушу экспортту өнүктүрүүдө логистикалык компаниялар, айыл чарба кооперативдерде, мамлекеттик органдар тарабынан айыл чарба азык түлүктөрүн экспорттоонун стратегиялык программасын иштеп чыгууда колдонулушу толук ыктымал.

## РЕЗЮМЕ

**диссертации Асилбек кызы Жыпары на тему: «Развитие внешнеэкономических связей Кыргызстана с Российской Федерацией в рамках Евразийского экономического союза» на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.05 - экономика и управление народным хозяйством**

**Ключевые слова***:* интеграция, экономические интеграционные организации, импорт, экспорт, товарооборот, торгово-экономическая связь, Евразийский экономический союз (ЕАЭС), экономическое сотрудничество, сельскохозяйственная продукция.

**Объектом исследования** является развитие внешнеэкономических связей Кыргызстана с Россией в рамках Евразийского экономического союза.

**Предмет исследования:** развитие внешних торгово-экономических отношений Кыргызстана с Россией.

**Цель исследования**: Определить теоретические основы развития внешнеэкономических связей Кыргызстана с Российской Федерацией в рамках Евразийского экономического союза и разработать пути их совершенствования и активизации.

**Методологической основой исследования** являются общие научные методы анализа, сравнения, систематизации, научной абстракции, статистический и экономико-математический методы моделирования, которые позволили обосновать необходимость экономического прогнозирования.

**Научная новизна исследования**: В диссертационном исследовании определены главные направления разностороннего расширения внешнеэкономических связей Кыргызстана с Российской Федерацией в рамках Евразийского экономического союза. Исследованы перспективные направления развития экономического сектора двух стран и пути расширения экспорта сельскохозяйственной продукции. Впервые для увеличения экспорта сельскохозяйственных продуктов из Кыргызстана в Россию в рамках ЕАЭС был разработан экономический прогноз на базе моделирования и предложена эконометрическая модель прогнозирования

**Уровень применения:** основныевыводы исследования можно использовать при разработке нормативных документов, необходимых при средневременном прогнозировании деятельности аграрных предприятий в области экспорта сельскохозяйственной продукции.

**Область применения:** Полученные выводы и составленная экономико-математическая модель могут быть использованы на практике в развитии экспорта, в логистических компаниях, сельскохозяйственных кооперативах, а также государственными органами при разработке стратегических программ по экспортированию сельскохозяйственных продукций.

**AsilbekkyzyZhypara on specialty 08.00.05 Economy and management of the national economy for the candidate degree in economics, it was written under the relationship of Russia and the Eurasian Economical Development of Foreign Economic Ties.**


## Summary

**Key words:** integration, integration organizations, import, export, goods turnover, trade-economic relations, the Eurasian Economic Union (EEU), economic cooperation, and agricultural products.

**The object of the research:** the framework of the Eurasian economic organization examined the development of external economic relations with Russia.

**The subject of the research**: the development of foreign trade and economic relations between Russia and Kyrgyzstan.

**The aim of the research:**under the relationship of Russia and the Eurasian Economical Development of Foreign Economic Ties and determine the development of the theoretical, methodological, and practical improvements.

**Methods of research:** General scientific methods of analysis, comparison method, the systematic, scientific abstraction, statistical and economical-mathematical modeling methods, economic hypothesis and reliability of the results.

**Scientific and research work:**There is a foreign and economic relation between Eurasian and the Russian Federation's at the dissertation. Promising sectors of the economy of the two countries explored ways to expand exports. Framework for the first time to increase the export of agricultural products to Russia forecasting models developed on the basis of economic forecasts and the econometric model presented.

**The use of level:**Using the results of the research, the use of scientific developments in exporting agricultural products, agricultural enterprises, and medium-term assumptions used in the development of necessary normative documents.

**Scope of research:** The findings and recommendations, economics, mathematical models in the development of the practical application of export and logistics companies by government agencies, agricultural cooperatives, and agricultural products in the export of strategic program development is more likely to be used.